М.Куренкеев атындагы №11 орто мектебинин педагогикалык кенешмесинде кабыл алынды
№ 1/2 “ 5 ” сентябрь 2022-ж.

М.Куренкеев атындагы №11 орто мектебинин директору
_______ М.Бакирова
№ __ “ 5 ” сентябрь 2022-ж.

# М.Куренкеев атындагы №11 орто мектебинин ата-энелер комитети жөнүндө жобо

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Жалпы мектептик ата-энелер комитети өзүн-өзү башкаруунун бир формасы болуп эсептелет.
1.2. Жалпы мектептик ата-энелер комитети окуучулардын ата-энелер коомдук бирикмесинин шайлоо органы.
1.3. Жалпы мектептик ата-энелер комитети педагогикалык кеңеш, мектептин администрациясы менен биргеликте иш алып барышат.

## 2. Жалпы ата-энелер комитетинин курамы

2.1. Комитеттин курамына ар класстын ата-энелеринин класстык чогулушунда шайланган ата-энелердин 2 өкүлү кирет. Жалпы мектептик ата-энелер комитетинин биринчи чогулушунда төрага же төрайым шайланат. Төрага андан ары комитеттин ишин уюштурат.
2.2. Төрага же төрөайым бир жылга шайланат.
2.3. Комитеттин чогулушу бир чейректе бир жолу өткөзүлөт.

## 3. Жалпы ата-энелер комитетинин компетенциясы

3.1. Педагогикалык коллективге окуу жана тарбия маселелери боюнча жардам көрсөтөт
3.2. Комитеттин компетенциясына төмөнкү сунуштарды иштеп чыгуу кирет:

- Окуучулардын укугун жана закондуу кызыкчылыктарын коргоо
- Билим берүү процессин жакшы уюштуруу боюнча сунуштарды киргизүү
- Окуучулардын ден-соолугун чыңдоо жана коргоо
- Окуучулардын бош убактысын маанилүү колдонууну уюштуруу
- Жаңы окуу жылына мекемени даярдоо.

3.3. Жалпы мектептик ата-энелер комитетинин сунуштары педкеңештин чогулушуна киргизилет же администрация тарабынан чечим чыгарууга калтырылат.
3.4. Комитет ушул жобонун негизинде иш алып барат.